Улуу Аллах Таала бейиш тургундарына: "Эй, бейиш тургундары!" - деп кайрылат. Алар: "О, Раббибиз, Сенин кызматыңа даярбыз" - дешет. Аллах Таала: "Ыраазы бодуңарбы?" - деп сурайт. Алар: "Биз кантип ыраазы болбойбуз, Сен бизге башка эч бир калайыкка бербеген нерсени бердиң" - дешет. Аллах Таала: "Мен силерге мындан да жакшыны берем" - дейт. Алар: "О, Рабби, мындан да жакшы нерсе болмок беле?

Абу Саид Худри (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Улуу Аллах Таала бейиш тургундарына: "Эй, бейиш тургундары!" - деп кайрылат. Алар: "О, Раббибиз, Сенин кызматыңа даярбыз" - дешет. Аллах Таала: "Ыраазы бодуңарбы?" - деп сурайт. Алар: "Биз кантип ыраазы болбойбуз, Сен бизге башка эч бир калайыкка бербеген нерсени бердиң" - дешет. Аллах Таала: "Мен силерге мындан да жакшыны берем" - дейт. Алар: "О, Рабби, мындан да жакшы нерсе болмок беле?"- дешет. Аллах Таала: "Мен силерге ыраазы болдум. Мындан кийин силерге такыр ачууланбаймын" - дейт.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабарлайт: бейиш тургундары бейишке киргенден кийин Аллах Таала аларга: Эй, бейиш тургундары деп кайрылат. Алар: Раббибиз, биз Сенин алдыңда, буйруктарыңды аткарууга даярбыз деп жооп беришет. Анан аларга: силер Мага ыраазы болдуңарбы? - дейт. Алар: Ооба, ыраазыбыз; Сен эч бир калайыкка бербеген жакшылыктарды бизге бердиң. Анан кантип ыраазы болбойлу - дешет. Аллах Таала: Силерге мындан да жакшы нерсени берейинби? - дейт. Алар: Оо, Раббибиз! Мындан да жакшы нерсе болмок беле? - дешет. Аллах Таала: Мен эми силерге ыраазылыгымды уланта берем, эми силерге эч качан ачууланбайм - дейт.